Кыркбаева Гульмайрам Надырбековнанын «Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу сөздөр жана сөз тизмектери» аталышындагы 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына (Бишкек, 2020) расмий оппонент филология илимдеринин кандидаты Осмонова Наргүл Ыманалиевнадан

## П И К И Р

**1. Изилдөө темасынын актуалдуулугу, жалпы илимий проблемалар менен байланыштуулугу.** Адамдын портретин, сырткы келбетин сүрөттөөгө байланыштуу колдонулган тилдик каражаттар кыргыз тил илиминде атайын бир маселеге объект болуп, изилдөөгө алына электиги баарыбызга маалым. Аталган тилдик бирдиктер таптакыр илимий изилдөөнүн объектиси болгон эмес деген ойдон алыспыз, албетте, тил илиминде лексиканын айрым бир аспектилеринде каралып келгендигин билебиз. Мындай сөздөр боюнча тил илиминде атайын лингвистикалык илимий-изилдөөлөр жүргүзүлүп келет. Бирок кадыресе сөздөр сыяктуу тилдин бирдиги катары – анын башка сөз тизмектери менен болгон карым-катышы, лексика-семантикалык талаасы, лексика-семантикалык топ жана алардын өз ара карым-катышы, структурасы, функциясы, т.а., адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу сөздөр жана сөз тизмектеринин табияты тууралуу кыргыз тил илиминде атайын илимий эмгектер жокко эсе. Мына ушул проблемаларды чечүү, аталган тилдик бирдиктердин өз ара топторго бөлүнүштөрүн, мүнөздөмөсүн, жасалышындагы ыкмаларды тактоо, семантикалык моделдери, тексттеги потенциалын, функционалдык кызматын, сөз түркүмдөргө болгон катышын аныктоо сыяктуу илимий-теориялык жана ага негизделген маселелерин изилдениши лингвистиканын учурдагы актуалдуу темаларынан экендиги шексиз. Диссертант Г.Н.Кыркбаева кыргыз тилиндеги адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу сөздөр жана сөз тизмектери жана алардын семантикалык талаасын, лексика-семантикалык топторун, семантика-функционалдык өзгөчөлүктөрүн жана алардын көркөм трансформацияланууу аркылуу текстте актуализацияланышын изилдөөгө алып, ишинин объектисин, предметин тактап, теманы туура тандаган. Теманын тандалышы жана анын актуалдуулугу эч кандай маселе жаратпайт.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№............ “......”..................201....ж/г

13-10-19

2. **Иштин диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарга жооп бере турган жаңылыгы.** “Семантикалык талаа”, “лексика-семантикалык талаа” түшүнүктөрүнүн структуралык өзгөчөлүктөрү каралып, алардын өз ара карым-катышы жана айырмачылыктары, лексика-семантикалык топтордун чегин ажыратуунун принциптери жана тилдик аң-сезим маселеси каралып, аталган түшүнүктөрдүн иерархиялык көрсөткөн (37-58-б.). Тилдин лексикасында турмуштун жагдайларын чагылдырып, кайсы бир деңгээлде элдин дүйнө таанымын туюндура алган компонент экендигине токтолгон.

Кыргыз тилиндеги адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу сөздөр жана сөз тизмектери өзүнчө ар тараптуу талдоого алынып, алардын лингвистикалык табияты, мүнөздөмөсүнө кеңири анализ жүргүзүлүп, адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттар, адамдын жүзүндөгү өзгөчөлүктөрүнө, дене мүчөлөрүнө, тулку-боюна, адамдын сырткы келбетиндеги объективдүү жана субъективдүү белгилерге карап сүрөттөгөн сөз жана сөз тизмектери өз ара бир нече топторго бөлүштүрүлүп, алардын семантикасы такталып, көркөм кептеги орду белгилениши кыргыз тилинде биринчи жолу ишке ашып отурат. Иштин жүрүшүндө адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу сөздөр жана сөз тизмектери майда топчолорго ажыратылган.

“Адам” деген кеңири түшүнүктөгү семантикалык талаадан адамдын сырткы келбетин жүзүндөгү көз, эрин, мурун, тиштер аркылуу; дене мүчөлөрүндөгү: баш, моюн, кол, буттар, манжа, төш, далы ж.б., ошондой эле адамдын сырткы келбетиндеги объективдүү жана субъективдүү белгилерге, бойго тиешелүү сөздөрдү факты-материалдар менен жабдып, классификациялаган (80-162-б.). Адамдын сырткы келбетине байланыштуу тилдик сүрөттөөлөр тексттин көрктүүлүгүн уюштурууда, маалыматтарды туюндурууда, мазмун түзүүдө коммуникативдик даражасы, өз орду бар экендигин белгилегендиги, иштин илимий баалуулугун арттырып, кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга жооп берерлик аткарылганын далилдеп турат.

**3. Диссертацияда келтирилген ар бир илимий натыйжанын (жобонун) жана тыянактын далилдүүлүгү, тастыктуулугу** иштин мазмунунан байкалып турат.

1-жободо лексика-семантикалык талаа, лексика-семантикалык топ, лексика-семантикалык топ иерархиясы жана алардын өз ара карым-катышы

тилдеги системалык принциптин негизинде каралышына байкоо жүргүзгөн. Бул иште илимий далилдердин келтирилиши менен аткарылган.

2-жободо адамдын сырткы келбетиндеги статикалык белгилерди атап көрсөтүүдө, негизинен, сын атооч сөздөр колдонулса, ал эми сырткы келбеттеги динамикалык белгилер башка сөз түркүмдөрүнө тиешелүү сөздөр, ошондой эле сөз тизмектери (өзгөчө кошмок сөздөр), морфологиялык мүчөлөр аркылуу туюндурулары белгиленип, ал конкреттүү мисалдарга иликтөө жүргүзүү аркылуу аткарылган.

3-жободо адамдын сырткы келбетиндеги статикалык белгилер менен эле катар андагы динамикалык белгилерди туюндурган сөз, сөз тизмектери да адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тил каражаттары катары семантика-функционалдык аспектиден иликтөөлөр жүргүзүлгөн.

4-жободо адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттар подтексттик, катафоралык маалыматтарды туюндуруу менен бирге, көркөм текстте окуяларды өнүктүрүүчү, мазмун түзүүчү коммуникативдик потенциалга ээ катары кызмат аткарышына иликтөөлөр жүргүзүлүп, белгилүү деңгээлде тыянактар чыгарылган.

5-жободо адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттарды лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүүгө карата көз караш-аспектилердин көптүгүнө карабастан, аларды адамдын жүзүндөгү өзгөчөлүктөргө, адамдын дене мүчөлөрүнө, адамдын тулку-боюндагы объективдүү белгилерге (параметрдик белги-өзгөчөлүктөр) жана субъективдүү белгилерге карап бөлүштүрүү теориялык жана практикалык өбөлгөлөр аркылуу шартталган деген пикирин билдирген, талдоолору ийгиликтүү чыккан.

**4. Диссертацияда берилген илимий натыйжалардын (жоболордун) жана тыянактардын жаңылык даражалары** белгилүү деңгээлде ишке ашкан.

1-жободо лексика-семантикалык талаа, лексика-семантикалык топ, лексика-семантикалык топ иерархиясы жана алардын өз ара карым-катышы тилдеги системалык принциптин негизинде каралышы керектиги илимий талдоолор аркылуу ишке ашкан.

2-жободо адамдын сырткы келбетиндеги статикалык белгилерди атап көрсөтүүдө, негизинен, сын атооч сөздөр колдонулса, ал эми сырткы келбеттеги динамикалык белгилер башка сөз түркүмдөрүнө тиешелүү сөздөр, ошондой эле сөз тизмектери (өзгөчө эле кошмок сөздөр), морфологиялык

мүчөлөр аркылуу туюндурулары белгиленип, аны жаңыча кароого илимий негиз болору иликтенип, талдоолорго алган, талдоолору толугу менен жаңы.

3-жободо адамдын сырткы келбетиндеги статикалык белгилер менен эле катар андагы динамикалык белгилерди туюндурган сөз, сөз тизмектери да адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тил каражаттары катары семантика-функционалдык аспектиден иликтөөлөр жүргүзүлүшү кыргыз тил илиминдеги жаңы көрүнүштөрдүн катарына кирет.

4-жободо адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттар подтексттик, катафоралык маалыматтарды туюндуруу менен бирге, көркөм текстте окуяларды өнүктүрүүчү, мазмун түзүүчү коммуникативдик потенциалга ээ катары кызмат аткарышына иликтөөлөр жүргүзүлүп, оригиналдуу тыянактар менен далилденген.

5-жободо адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттарды лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүүгө карата көз караш-аспектилердин көптүгүнө карабастан, аларды адамдын жүзүндөгү өзгөчөлүктөргө, адамдын дене мүчөлөрүнө, адамдын тулку-боюндагы объективдүү белгилерге (параметрдик белги-өзгөчөлүктөр) жана субъективдүү белгилерге карап бөлүштүрүү теориялык жана практикалык өбөлгөлөр аркылуу шартталган деген пикири бааланууга тийиш.

5. **Алынган натыйжалардын ички биримдиги** өз ара байланышта ишке ашкан. Иштин темасы, көтөргөн проблемасы, изилдөөнүн максаты, милдеттери, усулдары, логикалык ырааттуулукта иштелген. Иштин ичиндеги баптар бири экинчисин толуктап, жалпы мазмуну, натыйжа-тыянактары, корутундусу бир бүтүндүктү түзүп турат.

6. **Изденүүчүнүн чыгарган тыянактарынын тиешелүү актуалдуу проблеманын, теориялык жана практикалык милдеттердин чечилишине багытталышынын** илимий деңгээли бар. Изилдөөчү көздөгөн багытынан тайган эмес. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн каражаттардын жалпы тил илиминде, түркологияда, кыргыз тил илиминде изилденишине чейин айтылып келе жаткан түрдүү илимий көз караштарды салыштырып, ал пикирлерге тактоолорду, толуктоолор, жыйынтыктарды киргизе алган. Лексика-семантикалык класстардын чегин тактап, ажыратууга аракеттерди жасаган. Прецеденттик феномен, прецеденттик текст, тилдик аң-сезим түшүнүктөрүнүн маанисин чечмелеп бере алган. Адамдын жүзүндөгү атрибуттар, дене мүчөлөрүнө, боюна карата сүрөттөөгө алган тилдик каражаттардын семантика-функционалдык өзгөчөлүктөрүнө токтолуп, алар негиздүү бөлүштүрүлүп, үлгүлөрү иштелип чыгып,

иликтөөлөрдү жүргүзгөн, өз ара карым-катышын, айырмачылыгын бир топ далилдер, конкреттүү мисалдар менен ачып бере алган, топторго жиктөөсү да ынанымдуу. Аталган бирдиктердин табиятын, коммуникативдик потенциалын белгилеген.

Изилдөөчү ишке көп убакыт коротуп, бир топ эмгек жумшаганы көрүнүп турат. Өз стили бар, тили түшүнүктүү. Биздин оюбузча, диссертанттын айткан ойлору, изилдөөлөрү, талдоолору так жана негиздүү болуп, жакшы натыйжаларды бере алган. Диссертациянын теориялык жана практикалык мааниси адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн каражаттардын ар тараптуу иликтөөлөрдүн жүргүзүлүшү менен шартталат. Сөздүктөрдү түзүүдө, лексикология, сөз жасоо ж.б. тармактар боюнча окуу куралдарын түзүүдө, атайын семинар, атайын курс боюнча сабак өтүүдө колдонула турган материалдары бир топ арбын. Практикалык баалуулугу жогору.

**7. Диссертацияда аныкталган негизги жоболордун жана натыйжалардын жарык көрүшү** канааттандырарлык. Жарыяланган макалалар тиешелүү басылмаларга чыгып, иштин мазмунун чагылдыра алган. Жарыяланган 6 макаласынын дээрлик баарысы темага байланыштуу.

**8. Авторефераттын диссертацияга дал келиши.** Автореферат диссертациянын мазмунун кыскача чагылдырып бере алган.

**9. Диссертациянын мазмунунда байкалган кемчиликтер.**

Жогорудагы жетишкендиктер менен катар эле диссертациялык иште төмөнкүдөй кемчиликтерди да көрүүгө болот.

1. Иштин жалпы корутундусунун 15-пунктунда *-ган* (185сөз), *-гай* (104), *-дай* (21) мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган сөздөрдүн статикасы берилген. Факты-материалдар аркылуу мындай статистикалык таблица иштин курамында да келтирилсе болмок (161-бет).

2. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн сөздөргө түшүндүрмө берүүдө *түшүндүрмөлөр сөздүктөн алындыбы же диссертанттын түшүндүрмөсүбү* деген суроо жаралат. Анткени иштин жүрүшүндө сөздөргө түшүндүрмө берүүдө шилтемелер келтирилген эмес.

3. Иштин соңунда адамдын көзүн, мурдун ж.б., бетин, сакал-мурутун, чачын ж.б. мүнөздөгөн сөздөрдүн мааниси чечмеленип, түшүндүрмөсү менен кошо тиркеме катары берилген. Мында айрым сөздөргө түшүндүрмө берилбей калган (*бака көз, кой көз, кочкор тумшук, коюу чачтуу, көгала сакал, ичке, зыңкыйган* ж.б. көптөгөн сөздөр). Бул көрүнүштү иштин жүрүшүндө да байкоого болот.

4. Киришүүдө иштин түзүлүшүндө жалпы көлөмү 199 бет деп тиркеме да кошо эсептелинип калган (181 бет).

5. Иштин жүрүшүндө орфографиялык, пунктуациялык (, - –), техникалык, стилистикалык (6, 17, 124, 144-б.) каталарга жол берилген.

Ошондой болсо да, белгиленген жогорудагы мүчүлүштүктөр Кыркбаева Гульмайрам Надырбековнанын ишинин жалпы илимий деңгээлине доо кетире албайт деген ойдобуз.

**10. Диссертациялык изилдөөнү квалиметрикалык баалоо.**

| № | Диссертациянын параметрлери | 10 | 9 | 8 | 7 | 6 | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Изилдөөнүн актуалдуулугу | | 9 | | | | 9 |
| 2 | Проблеманын изилдениш абалы, жаңычылыгы | | | 8 | | | 8 |
| 3 | Илимий-теориялык жана методологиялык мааниси | | | 8 | | | 8 |
| 4 | Практикалык баалуулугу | | | 8 | | | 8 |
| 5 | Изилдөөчүнүн проблемага салымы | | | 8 | | | 8 |
| 6 | Изилдөөнүн эксперименттик же иллюстративдик материалдары | | 9 | | | | 9 |
| 7 | Жыйынтыктардын жаңылыгы, негиздүүлүгү, ишенимдүүлүгү | | | 8 | | | 8 |
| 8 | Гипотезанын илимий-теориялык жана методологиялык негиздемеси | | | 8 | | | 8 |
| 9 | Тили, стилдин илимийлүүлүгү жана логикалуулугу | | | 8 | | | 8 |
| 10 | Изилдөө натыйжа-жыйынтыктарын колдонуу чөйрөсү | | 9 | | | | 9 |
| | **Жалпы балл** | | | | | | **83** |

Диссертациялык изилдөөнү квалиметрикалык баалоонун жыйынтыгы КР ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга койгон талабына ылайык (80-89) бааланды.

**11. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын жогорку аттестация комиссиясынын кандидаттык окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча жобосуна дал келиши.** Темасынын актуалдуулугун, кыргыз тил илиминин лексикология, морфология тармагы үчүн зарылдыгын, чыгарган тыянактарынын, корутундуларынын далилдүүлүгүн, жаңылыгын, теориялык жана практикалык баалуулугун эске алып Кыркбаева Гульмайрам Надырбековнанын «Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу сөздөр жана сөз тизмектери» аталышындагы 10.02.01

– кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КР ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарга жооп берет, ал эми анын автору филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына толук татыктуу деп эсептейбиз.

Расмий оппонент: филология илимдеринин кандидаты, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз филологиясы факультетинин кыргыз тили жана адабияты кыргызча эмес билим берүү мекемелеринде кафедрасынын доценти
**Осмонова Наргүл Ыманалиевна**

Осмонова Н. Ы. колун тастыктайм
АРС башчысы /Курамаева К.Т./

Диссертациялык кеңешке 2020-жылдын 18-февралында келип түштү

ЖАЛПЫ БӨЛҮМ
ОБЩИЙ ОТДЕЛ